| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**АЛАМҮДҮН РАЙОНУ**<br>**ДОСТУК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН**<br>**ДОСТУК АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2024ж. 31 май № 29/8-XXVIII Ленин а.

**Жер участокторун которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө**

2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жер кодексине ылайык, М. Айтикеевдин кайрылуусунун негизинде, соода-логистикалык комплексин куруу үчүн Достук айыл аймагында жайгашкан №904 контурундагы жер участогун, жалпы аянты 24,4 га "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жай, транспорт, энергетика, коргонуу, байланыш жана башка багыттагы жерлер" категориясына которуу (трансформациялоо) жөнүндө кайрылуусун карап чыгып, жер-агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун карап чыгып, Достук айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1.** Ленин айылдык кеңешинин 2022-жылдын 02-сентябрындагы № 62/21-XXVIII "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жай, транспорт, энергетика, коргонуу, байланыш жана башка багыттагы жерлер" категориясына жер участогун которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө» мурда кабыл алынган токтомун жокко чыгаруу, анткени №904 контурунда жайгашкан жер участокторунун үлүшчүлөрү көрсөтүлгөн эмес.

**2.** Достук айыл аймагынын аймагында жайгашкан, №904 контурундагы жалпы аянты 24,4 га жер участогун которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин:

- жеке менчик укугуна таандык: М. Ж. Айтикеевге-аянты 6,1 га,
- М.Ж.Айтикеевге ишеним кат боюнча: Болотбек кызы Айдайдан – 6,3 га, У.Ж. Дуйшоналиевден– 9 га, Ш.М.Мусаевадан– 3 га "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жай, транспорт, энергетика, коргонуу, байланыш жана башка багыттагы жерлер" категориясына соода-логистикалык комплексти жана өнөр жай объекттерин куруу үчүн.

**3.** Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясына Достук айыл аймагынын аймагында жайгашкан, №904 контурундагы, жалпы аянты 24,4 га жер участогун которуу (трансформациялоо) жөнүндө өтүнүч кат берилсин:

- жеке менчик укугуна таандык: М. Ж. Айтикеевге-аянты 6,1 га,

– М.Ж. Айтикеевге ишеним кат боюнча: Болотбек кызы Айдайдан – 6,3 га, У.Ж.Дуйшоналиевден– 9га, Ш.М.Мусаевадан- 3га "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жай, транспорт, энергетика, коргонуу, байланыш жана башка багыттагы жерлер" категориясына соода-логистикалык комплекси жана өнөр жай объекттерин куруу үчүн жана бул токтомду мыйзамда белгиленген тартипте бекитсин.

**4.** Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Достук айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Н. Аалиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Айтиев Т.Т.**